Банкбаян

Бакыт КАРБОЗОВ:

# УЛУТТУК БАНК АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН БИРДИКТҮҮ ТООРУК СИСТЕМАСЫН КИРГИЗДИ

**Бир нече жыл мурда эле КР Улуттук банкы буга чейин иштеп келген тоорук системасын жаңылоо керек деген чечимге келген. Иш аракеттердин натыйжасында, быйыл 2013-жылы июнь айынан баштап автоматташтырылган тоорук системасы иштей баштады. Банктын тоорук системалары жөнүндө маалымат үчүн Улуттук банктын Акча-кредиттик операциялар башкармалыгынын дилинг операциялар бөлүмүнүн башчысы Бакыт Карбозовго кайрылган элек.**

***- Бакыт Идирисович, банктар аралык тоорук системасы деген эмне? Бул операциялар кандай уюштурулат, анда Улуттук банк кандай роль ойнойт?***

- Кыргыз Республикасынын финансы системасында Улуттук банк буга чейин жана мындан ары дагы негизги роль ойной бермекчи. Банктар аралык финансы рыногунда Улуттук банк бир нече функцияны аткарат: соодaны уюштуруп жана тоорук системасын администрациялап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн агенти катары көрсөтүлүп, акча-кредиттик жана валюталык саясаттарды жүргүзүп, ички финансалык рынокко дагы катыша алат. Улуттук банктын башкы максаты банктар аралык ар кандай операциялар менен финансы рыногундагы инфраструктураны өнүктүрүү.

Тоорук системасы Улуттук банктын ичинде гана эмес, коммерциялык банктарда финансы рыногундагы механизимдерди автоматташтырып, бизнес-процесстердеги операциялар үчүн зарыл. Бул максаттар үчүн 1998жылдан тарта банктар аралык рынокто Улуттук банк эки тоорук системасын колдонуп келген. Мамлекеттик казына векселдери жана банктар аралык валюталык операциялар үчүн тоорук системалары каралган. 2000-жылы акча-кредиттик саясаттын жаңы инструменти – Улуттук банктын нотасы чыгарылган соң, Улуттук банктын ноталары үчүн кошумча тоорук системасы киргизилген.

Андан ары Улуттук банктагы кайра каржылоону автоматташтыруу максатында, 2009-жылы рефинансылоо операциялары үчүн насыя берүү жана аны жоюуга "ички бир күндүк" жана "овернайт" автоматташтырылган системасы иштелип чыккан.

Жогорудагы баардык тоорук системаларын бириктирип, бирдиктүү автоматташтырлган тоорук системасын жаңыртуу чечимин кабыл алган. Жүргүзүлгөн иш-аракеттердин негизинде, 2013-жылдын июнь айында жаңы автоматташтырылган тоорук системасы киргизилип, ал мамлекеттик баалуу кагаздар менен чет элдик валюталарды соодалоо, депозитардык эсептөө жана акча-кредиттик рыноктогу операциялардын бардыгын камтып, бирдиктүү тоорук системасына айланган. Ошентип, жаңы тоорук системасы буга чейин өз-өзүнчө иштеп келген автоматташтырылган системаларды алмаштырып, алтургай акча-кредиттик саясаттагы инструменттердин көбүнчөсүн өнүктүрүп, автоматташтырууга жетишти. Айта кетчү жагдай, Улуттук банкка

> Жаңы тоорук системасы буга чейин өз-өзүнчө иштеп келген автоматташтырылган системаларды алмаштырып, алтургай акча-кредиттик саясаттагы инструменттердин көбүнчөсүн өнүктүрүп, автоматташтырууга жетишти.

жогорудагы масштабдуу долбоорду ишке ашырууга Швейцариянын Улуттук банкы тарабынан техникалык жана кеңештик колдоо көрсөтүлдү. Швейцариянын борбордук банкынын кеңешчилери бул долбоор жүзөгө ашырылып жаткан баардык баскычтарда бизге келип, жардамдарын аяшкан жок.

***- Эмне үчүн буга чейин иштеп келген тоорук системаларын жаңыртуу керек деген чечим кабыл алынды?***


- Буга чейинки баардык тоорук системалары Улуттук банк тарабынан иштелип чыгып, аларга коюлган милдеттер аткарылып келинген. Бирок, функционалдык жактан айрым учурда иштебей калып, жаңылоого дагы мүмкүн эмес эле. Анын үстүнө техникалык мүнөздөмөлөрү боюнча эскирген технологиялар болгон. Мындан тышкары, алар Улуттук банк менен коммерциялык банктардын бардык операцияларын комплекстүү жана толук иштеп чыга алчуу эмес. Болгону, бизнес-процесстердин жарымын гана иштеп чыгып, калган жарымы кол менен эсептелчү. Айрыкча, Улуттук банктын акча-кредиттик жана валюталык саясатынын ыкчам жана эффективдүү жүргүзүүдө акча-кредит саясатынын операциялары кемчилдик менен автоматташтырылганы таасирдүү сезилчүү. Экономиканын ошондой эле банк жана төлөм системаларынын өнүгүшү менен катар транзакциялык жана башка операциялар тездик менен өсүп баштайт. Бул шартта Улуттук банк буга чейин колдонгон тоорук системасы менен кала берсе, айрым бир тобокелдиктерге айрыкча, операциялык тобокелдиктерге туш болмок.

Эсептөө тобокелдигин дагы эске алуу зарыл. Маселен, баалуу кагаздар боюнча операциялар дүйнө жүзүндө эсептөөдөгү катачылык тобокелдигин жокко чыгаруу максатында, DvP принциби "төлөмгө каршы берүүлөр" аркылуу жасалат. Бирок, буга чейинки жарым-жартылай автоматташтырылган мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсеби, төлөм инфраструктурасы менен интеграциянын жоктугу, бул принципти бизде толук колдонууга мүмкүн эмес эле. Бүгүн бул маселе толук чечилди.

Акча-кредиттик саясатынын бардык инструменттерин жана банктар аралык рынокту автоматташтыруу жана оптималдаштыруу зарылдыгы болгондуктан, Улуттук банк жаңы тоорук системалары менен депозитардык эсебин киргизүү демилгесин көтөрүп чыккан. Системалар менен процесстерди жаңылоо финансы тармагындагы атаандаштык күч алган учурда абдан керек эле.

***- Ишке ашкан тоорук системасынын артыкчылыгы эмнеде?***

- Жаңы система тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, өлкөнүн финансы системасын өнүктүрүп жана бекемдөөгө, ички инфраструктураны өтүмдүү жана ишенимдүү кылууга, ошону менен



катар дүйнөлүк мыкты тажрыйбаны колдонууга багытталган. Жогорудагы система акча-кредиттик саясатты жакшыртып, кредиттик, операциялык жана ликвидүүлүк тобокелдиктерди төмөндөтүп, ошондой эле банктардын ликвидүүлүк чыгымдарын азайтууга өбөлгө болмокчу.

- Ишке ашкан тоорук система төмөндөгү операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берет: Аукциондук тоорук механизими аркылуу ар кандай аукциондордун ыкмасын жүргүзү;
- Валюталык операциялар (эки тараптуу валюталык соодалашуу ар кандай ыкма аркылуу келишим түзүү жана своп операциялар);
- КР Улуттук банкынын кайра каржылоо («ички бир күндүк» жана «овернайт кредиттери»;
- КР Улуттук банкынын депозиттик операциялары;
- Мамлекеттик баалуу кагаздар менен операциялар (сатып алуу/сатуу жана репо операциялар) ;
- Банктар аралык кредиттик операциялар;
- Мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсебин алуу;

Бул системадагы баардык операциялар реалдуу убакыт аралыгында криптографиялык коргоо жана электрондук кол тамга бардык маалыматтар менен транзакцияларды коопсуз кылат. Маалымат түйүнүндөгү коопсуздук бул тармакта кабыл алынган баардык эрежелер менен стандартка жооп берет. Улуттук банктын тоорук системасы –Гросстук эсептөө системасы менен байланышып, реалдуу убакытта эсептелгендиктен, улуттук валютадагы каражаттарды автоматтык түрдө эсептөө жасоону камсыздайт. Ошондой эле, катышуучулар мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча балансын карай алат.

***- Улуттук банктын тоорук системасына кимдер катышат? Ага катышуу үчүн кандай талаптар коюлат?***

- Улуттук банктын автоматташтырылган тоорук системасынын негизги катышуучусу болуп, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана коммерциялык банктар эсептелинет. Мындан тышкары, бул системада мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу боюнча Каржы министрлигине дагы мамлекеттик баалуу кагаздардын эмитенти катары атайын роль бөлүнгөн. Дагы бир катышуучу бул КР депозиттерди коргоо Агентиги менен КР Социалдык фонду эсептелинет. Алар мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда институттук инвесторлор.

Жогорудагы тоорук системасына кирүү үчүн, Улуттук банктын атайын белгиленген Жобосу менен эрежелеринин техникалык жана башка талаптарына жооп берүүгө тийиш. Тоорук системасындагы катышуучулар менен Улуттук банктын ортосундагы мамилелер КР Улуттук банкынын нормативдик актылары менен жөнгө салынат. Ошондой эле эки тараптуу келишимдер дагы иштейт. Тоорук системасына туташтыруу жана катышуучулар менен операция жүргүзүү акысыз жасалат.

М. СУБАНБЕКОВА